Каралды
АК 2024 жылдын 4 июлундагы отуруму №9 протоколу
Бекитемин агенттиктин
Директору__________ Бостонова П.З

# ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**1.** Аккредитция жүргүзүү үчүн билим берүү программасынын (кластердин программаларын) аккредитациялоо боюнча "Сапаттуу билим" агенттиги, билим берүү уюмдарынын жана программаларынын (мындан ары – "Сапаттуу билим" агенттиги) тарабынан атайын окутуудан өткөн, сертификат алган эксперттердин курамынан түзүлөт.

**2.** Эксперттик комиссия 4-5 көз карандысыз эксперттерден турат, анын ичинде чет өлкөлүк адистер, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдү даярдоо профилине туура келген иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүнөн жана студенттерден арасынан өкүл, билим берүү программаларын баалоо боюнча квалификациялуу адистер болуп саналгандар.

**3.** Эгерде билим берүү уюму аккредитациялоодон бир нече билим берүү программалары,

ар кандай багыттар боюнча өтүп жатса, анда ар бир багыттын профилине жараша эксперттик комиссия түзүлөт.

**4.** Эгерде билим берүү уюму аккредитациялоодон бир эле багыттагы билим берүү программасы бир нече профилдик даярдоо (программалардын кластери) өтүп жатса, анда эксперттик комиссия өтүп жаткан билим берүү программаларынын санына, профилине жараша эксперттик комиссия түзүлүшү мүмкүн.

**5.** Эксперттин ишинин негизги принциптери болуп чынчылдык, жоопкерчилик, ак ниеттүүлүк, объективдүүлүк, берилген документтер менен иштөөдө купуялуулукту сактоо эсептелет.

**6.** Ар бир эксперт "Сапаттуу билим" агенттиги менен тышкы экспертизага катышуу жөнүндө келишимге жана билим берүү уюму менен таламдардын кагылышынын жоктугу тууралуу арызга кол коет, анда экспертиза жүргүзүлөт.

**7.** Эксперттик комиссиянын жеке курамы билим берүү уюму менен макулдашылат. Билим берүү уюму эксперттердин сунуш кылынган талапкерлигин негиздеп четке кагууга укуктуу.

**8.** Эксперт баалоонун, тыянактардын объективдүүлүгү жана анықтыгы, экспертизанын өз убагында жүргүзүлүшү жана тышкы экспертизанын натыйжалары жөнүндө отчетко материалдардын берилиши үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

**9.** Эксперт аккредитациялоого тиешелүү кошумча материалдарды, документтерди, маалыматтарды суроого жана алууга, билим берүү программасын (программалардын кластерин) баалоо жөнүндө өз пикирин айтууга жана негиздөөгө, аккредитациялоо процессинде тышкы экспертизанын натыйжалары жөнүндө отчетту талкуулоого катышууга укуктуу.

**10.** Эксперттик комиссиянын ишин төрага уюштурат, ал "Сапаттуу билим" агенттигинин директорунун буйругу менен дайындалат. Буйрукта эксперттик комиссиянын ишинин мөөнөттөрү жана программасы көрсөтүлөт. Эксперттик комиссиянын төрагасы тышкы экспертиза программасынын аткарылышы жана тышкы экспертизанын натыйжалары жөнүндө отчеттун даярдалышы үчүн жоопкерчиликтүү болот.

**11.** Эксперттик комиссия билим берүү уюмунда 2-3 күн ичинде иштейт. Билим берүү уюмуна визит бүткөндөн кийин эксперттик комиссиянын төрагасы, билим берүү уюмунун жетекчилигине (факультеттин / институттун) бардык эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн пикири камтылган, макулдашылган тышкы экспертиза тарабынан даярдалган жыйынтыкты оозеки түрдө тааныштырат. Оозеки отчет билим берүү программасынын (программалардын кластеринин) тышкы экспертизасынын жыйынтыгы боюнча эксперттик

комиссия түзкөн негизги тыянактарды камтууга Эксперттик комиссиянын корутундусу сунуш берүүчү болуп эсептелет жана аны "Сапаттуу билим" агенттигинин Аккредитациялык кеңешинин кезектеги жыйынында бекитүүгө чейин жарыяланбайт.

**12.** Тышкы экспертиза аяктагандан кийин талдоонун негизинде өз ишине баа берүү отчетунда берилген документтердин жана маалыматтардын, ошондой эле кесиптик жамааттардын өкүлдөрү менен маек, студенттер, аспиранттар, докторанттар, кызматкерлер жана билим берүү уюмунун жетекчилигине эксперттик комиссия тышкы экспертиза боюнча отчет даярдайт жана натыйжаларында "тышкы эксперттик комиссиянын корутундусу» камтыган бөлүмүндө, эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн аккредитацияланууучу программанын (программалардын кластеринин) аккредитациялоо стандарттарына шайкештиги же шайкеш эместиги жөнүндө кеңири коллегиялык корутундусу болот, эгерде ал жалпы корутундудан айырмаланса, комиссиянын айрым мүчөлөрүнүн пикирин камтыйт.

**13.** Тышкы экспертизанын натыйжалары жөнүндө отчетко эксперттик комиссиянын төрагасы кол коет, агенттиктин аккредитациялык Кеңешине берилет